## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу
*(2014-жылдын февраль айы)*

Февраль айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу жана биринчилик рынокто кошумча жайгаштыруу боюнча бир аукцион болуп өткөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 118,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 37,2 пайызга төмөн. Сатуунун мындай төмөндөөсү коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүктүн төмөндөшүнөн улам келип чыккан (бир коммерциялык банк көбүрөөк жигердүүлүктү көрсөткөн), 2012-жылдын жарымынан тартып жигердүү катышышкан институционалдык инвесторлордун кызыгуусу мурдагы деңгээлде сакталууда.

Канааттандырылган суроо-талап деңгээли 7,0 пайыздык пунктка төмөндөп, 25,3 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 12,6 пайызды түзгөн. Коммерциялык банктар тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздардын ушул түрүнө кызыгуусу 466,9 млн. сом чегинде, орточо деңгээлде калган.

**1-график. МКОго суроо-талап жана сунуш, кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү 5,4 млрд. сомго чейин (-6,2 пайыз) төмөндөгөн. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 2,1 пайыздык пунктка (56,2 пайызга чейин) төмөндөшү байкалган, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 3,7 пайыздык пунктка жогорулап, 43,7 пайыз чегинде түптөлгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,32 пайызды түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Бул индекс, баалуу кагаздардын банктар портфелинде концентрациялануусун көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтөрдүн салыштырма салмактарынын квадрат суммаларын көрсөтөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер ортосунда орун алган. 0,10дон төмөн болгон индекс мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине ылайык келет; 0,10дан 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалы, 0,50 барабар болгон концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү ж.б.у.с.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Февраль'2013 | 4 955 200,0 | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% |
| Февраль | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2% | 2 371 967,9 | 43,7% | 5 700,0 | 0,1% |